УДК: 39+796.5

Алайчиев Э.К.

*Ош мамлекеттик университети*

# КАЛКТЫ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА АНЫН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕЛИШИ

*Бул макалада демография илиминин тарыхый өнүгүүсүндөгү б.з.ч., VI-V кылымдардан тарта бүгүнкү күнгө чейинки илимий көз караштар жана анын теориялык негизделиши каралуу менен ага баа берилген. Ошону менен катар калкты изилдөөдөгү теориялык багыттарга, усулдук жана методологиялык изилдөөлөргө анализ жасалган.*

Калкты изилдөөдө илимий көз караштар жана анын теориялык негизделиши адам коомунун көптөгөн кылымдардагы тарыхый этаптардагы илимий изилдөөлөрдү өз ичине камтып, окумуштуулар бир тараптуу багыттагы жана ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен калкты изилдөө жүргүзүп, ага баа берип келишкен. Демография илиминин теориялык пайда болуусундагы хронологиясына көңүл бурсак, окумуштуулардын илимий көз карашын төмөндөгү багыттарга бөлүп кароого болот.

Калкка болгон баяндоолордун биринчи этабы болуп баштапкы илимий жалпы философиялык мүнөздөгү калкты изилдөөдөгү көз караштар б.з.ч. VI-I кылымдардагы байыркы доордо пайда болуп, андагы калкты изилдөөдө географиялык, эмбриондук, антропогеографиялык, инвайроментализмдик, этнографиялык жана космографиялык багытта болгон. Калкты изилдөө калк маалыматтарын интерпретациялык жана эмпирикалык формадагы түшүнүктөрдө мүнөздөлгөн. Бул мезгилде Конфуций, Платон, Аристотель, Демокрит, Птолемей ж.б. илмий ойчулдардын изилдөөлөрү аймактагы айыл чабаны өнүктүрүү максатында жана мамлекетти коргоодо калк ичиндеги эркектердин санын тактоого айрыкча басым жасалган [1]. Бирок калкты изилдөөдө толук кандуу маалыматтарды чагылдырылбагандыгы, анализденбегендиги жана мүнөздөлбөгөндүгү менен калкка байкоо жүргүзүүдөгү эң алгачкы тарыхый башталгыч этап катары кароого болот.

Ал эми калкты илимий изилдөөдөгү көз караштардын экинчи этабындагы XVI - XVII кылымдардагы окумуштуулардын изилдөөлөрү жана калкка байкоо жүргүзүүлөрүн мисал келтирүүгө болот. Ошол мезгилдеги окумуштуулар М.Поло, А.Никитин, В.К.Яцунский, Б.Верениус, Д.Граунт, Э.Галлей, В.Керсебу, А.Депарсье, И.Зюссмиль, Ж.Экспильи, Э.Дювилья, Г.К.Котошихин, Ю.Г.Крижанич, И.Ф.Герман, А.Муавр, Д.Бернули, Л.Эйлер, С.П.Крашениников, П.И.Рычков, В.Ф.Зуев, И.И.Лепехиндер, Г.Ф.Митллер, И.К.Кирилов, В.Н.Татышев, М.В.Ломоносов, Б.Вахушти ж.б. окумуштуулар географиялык номенклатура, тарыхый этногогеграфия, камералдык статистика, калкты изилдөө боюнча мыйзамдардын такталышы, өлүм-житим бюллетендери жана математикалык таблицасы, калктын жаш-жыныстык структурасы, табигый өсүшү жана калыбына келүү таблицасы, этногеографиялык суроолор, аймактардагы миграция процесси, социалдык мобилдүүлүк, жашоо таблицасынын рентасы, никелешүү жана өлүм кесепеттеринин мемуары, калк боюнча орус энциклопедиясынын жаралуусу, саясий-экономикалык жана социалдык доктриналар жана сурамжылоо анкеталары ж.б. калкты изилдөө, негизинен, ушул багыттарда жүргөн [3, 4, 5, 15]. Башкача айтканда, демография илиминин өнүгүшү илимий мүнөздү жаратуу менен калкты изилдөөдө баштапкы теориялык негиздерди пайда кылган.

Ошол мезгилдеги алгачкылардан болуп демография илиминин пайда болуусуна англиялык окумуштуу Джон Граунт 1662-жылы калкка табигый жана саясий баа берген эмгегин атоого болот. Ал демография илиминдеги төмөндөгү факторлорду тактаганга аракет жасаган: адам баласынын табигый жана социалдык тарыхын изилдейт деп белгилөө менен, калктын санын билүүгө, эркектер жана аялдардын санын билүүгө, никеге турган жана жалгыз бой адамдардын санын билүүгө, көп төрөгөн аялдардын көптүгүн аныктоого, жети жана он жаштагы балдардын көптүгүн жана согуштук

калктын санын тактоого, чума оорусунан кийин Лондон шаарынын үй-чарбасы жана калкынын көбөйүүсүн короо, өлүмдүн жалпы санын жана анын себептерин аныктоо, калктын жыштыгын жана өлүмдүн жогорулоосундагы айырмачылыктарды тактоо, адамдардын чиркөөдөн баш тартуу менен башка секталарга өтүүсүнө баа берүү деген суроолорго жооп издөө менен демографиялык процесстерди баяндоого аракеттерди жасап, алгачкы жолку калкка болгон иликтөөлөрдү жасаган [5.15].

Демография илиминин пайда болуусундагы үчүнчү этап XIX кылымдын башы жана XX кылымдын аягындагы мезгилди өз кучагына алат.

Бул аралыкта демография илими илим катары негизделет Жогорку окуу жайларында өз алдынча предмет катары окутулуп, илимий изилдөөлөрдүн географиясы кеңейген. Ал мезгилде Ж.Кетле, Х.Бернулли, А.Рославский, Ж.К.Ашиль, Т.Бокль, Э.Симпл, Э.Хантингтон, У.Фарр, С.Пирсон, П.Ларусса, Ж.Бертион, А.Дюмон, Л.Бертион, Э.Реклю, В.Блаш, Брюн, Деманжон, Болиг, К.Ф.Герман, М.В.Птуха, А.А.Кауфман, К.Ф.Гельман, В.Я.Буняков, Д.К.Шелестов, Ю.Э.Янсон, В.И.Покровский, Ф.Ф.Эрисман, В.И.Гребенщиков, В.И.Борткевич, Е.Анучин, А.В.Фортунатов, А.Е.Яновский, А.Гийяр, Гумбольд, О.Конт, К.Ф.Герман, П.И.Кёппен, К.И.Арсенев, А.Гельяр, Рюмлен, Р.Бёк, Г.Ф.Кнапп, Р.Р.Кучинский, В.Лексис, Э.Энгель, Р.Майо-Смит, Ф.Гиддинг, Ф.Лоример, У.Уилкокс, П.П.Семенов-Тянь-Шанский, Н.М.Пржевальский, Н.Н.Миклухо-Махлай, А.И.Воейков, Д.И.Менделеев, В.Боркевич, Р.Бек, В.П.Семенов-Тян-Шанский, Р.М.Кабо, Г.Сундберг, Ф.Бургдерфер, Р.Пирла, Л.Ридтер, А.Д.Лот, Г.С.Шройк, Дж.С.Зигель, С.А.Новосельский, В.В.Паевский, О.А.Квиткин, С.Т.Струмилин, М.В.Птухи, С.А.Томилин, Н.И.Ляликов, В.Г.Давидович, В.В.Покшишевский, О.А.Константиович, А.А.Долинин, Д.И.Валентей, А.Ягельский, А.А.Демин, С.Б.Лавров, А.И.Чупаев, Ю.Э.Янсон, О.А.Константинов, Э.В.Воробьев, Э.В.Кнобельсдорф, О.А.Евтеев, Л.Л.Трубенин, Т.К.Дагаева, Н.Г.Игнатенко, Н.Ф.Кожуховская, Д.Н.Лухманов, Н.И.Блажко, В.Ш.Джаовили, Н.Дореули, Н.С.Гинзбург, А.О.Евтеев, Д.Н.Лухманов, В.Ш.Джошвили Н.Доруели, Н.С.Гинзбург, Б.Ц.Урланис, А.Сови, В.Ф.Майер, Е.Л.Шувалов, В.А.Борисов, В.И.Переведенцев, В.З.Дорбижев А.М.Берлянт, В.П.Дронов, И.В.Душина, М.Я.Волков, А.Г.Хорос, В.И.Козлов, Н.В.Панкратов ж.б. окумуштууларды атап кетүүгө болот. Алар илимий изилдөөлөрүндө калкты күнүмдүк каттоону, Эл каттоону уюштуруу мыйзамдарын жана ыкмаларын, биометрикалык изилдөөлөрдү, популяцинистиканы, Эл аралык номенклатураны, калктын интеллектуалдык жана моралдык антропогеографиялык мектепти, Пирсон жана Пирсондун корреляция коэффициенттинин $X^2$ макулдук критерийин, калктын статистикасын, төрөлүүнүн дифференциалдык изилдөөсүнө социалдык мобилдүүлүктүн социалдык концепциясын, демографиянын анналогияны, калкты микроаймактарга бөлүүнү, улуттардын жана өлүм таблицасын адамдардын математикалык популациясын таанууну, калкты райондоштурууну караган.

Ошондой эле Зюсмильх-Кетле багыттын карама-каршылыктагы статистика, калктын калыбына келүүсүндөгү нетто-коэффициент, өлүмдүн социалдык дифференциациялануусу, Бёк-Кучинскийдин коэффициенти, демографиялык сетка, демология, ажырашуу маселелерин статистикалык изилдөө, калктын санын 1 квадрат миллге бөлүштүрүү, СССРдин калкынын жыштыгын 1:420000 масштабдагы картаны түзүлүшү, калк географиясынын элементтерине калктын жаш жана жыныстык курамынын сүрөттөп көрсөтүү үчүн $90^0$ гистограмма графиги, урбанизация процессинин схемасы жана графоаналитикалык модел такталган [1, 2, 3, 4, 6, 15].

Ошонун негизинде калкынын миграциясы, шаарлардын географиясы, табигый шарттагы каттоо ыкмасы жана шаар куруада аймактык проекттерди пландоо, экстремалдуу географиялык ыкманын негизинде калктын жашоо шартын баалоо ыкмасын, географиялык чөйрөдө, деңиздерде жана океандарда экономикалык-географиялык жактан калкты тейлөө, социалдык райондоштурууда калкты окутуунун

системасын тактоо, өнүгүү мыйзамдарын тануу, демографиялык кайталанууну камтуу, калк географиясынын теориялык жана усулдук жактан баяндоолор, демографиялык парадокстор, калктуу пункттарды жайгаштыруудагы маселелер, айыл калкын маданий-турмуштук тейлөөнүн комплекстүү картографиялык тажрыйбасы, тоолуу өлкөлөрдөгү калкты жайгаштыруу, калкынын жашоо деңгээли социалдык-демографиялык изилдөөлөр күчөгөн [1, 2, 3, 4, 6, 15].

Жаңы көз караштардагы дефузиясы жана энторопия, эмгек ресурстарын эффективдүү пайдалануу, мамлекеттин жана жер шаарындагы глобалдуу демографиялык маселелерди изилдөө жана ага анализ берүүнүн башталышы, калкты изилдөөдө экономикалык-географиялык картосхемасынын түзүлүшү ж.б. багыттардагы теорияларды, илимий көз караштарды жана илимий изилдөөлөрдү жаратуу менен демография илиминин андан ары өнүгүүсүнө шарт түзүшкөн [1, 2, 3, 4, 6, 15].

Андан кийинки этаптагы илимий изилдөөлөр XX кылымдын аягы жана XXI кылымдын башын өз ичине камтып, бул учурда СССРдин ыдырашы дүйнөдөгү көптөгөн мамлекеттердин колониялык режимден бошонушу, калктын социалдык деңгээлинин жогорулоосу менен дүйнө калкынын сандык жактан кескин көбөйүүсү, калктын жаратылыш ресурстарына болгон талабынын жогорулоосу, дүйнөдөгү миграциялык кыймылдын кескин күчөшү ж.б. факторлор глобалдуу демографиялык, экологиялык, азык-түлүк жана тамак аштын жетишпестик маселелеринин келип чыгуу мезгили деп атоого болот. Бул мезгилде А.Г.Вишневский, Я.И.Рубин, В.А.Борисов, А.С.Булатов, В.П.Желтиков, Н.Г.Кузнецов, С.Г.Тяглов, Н.В.Алисов, Б.С.Хорев, О.Сухарев, Т.Граблевский, С.А.Абашин, В.И.Бушков, С.С.Губаева, А.И.Шербаков, М.Г.Мдинарадзе, Э.Н.Кузьбожев, И.А.Козьева, М.Г.Световцева, О.В.Бессчетнова, В.М.Медков, Н.С.Колесова ж.б. окумуштуулар демографиялык биогеографияны изилдөөдө фундаменталдуу мүнөзү, демографиялык кризистин келип чыгуусу, демографиялык иш аракеттеги социалдык, психологиялык ой-жүгүртүүнү, жалпы мүнөзү, толерантуулукту жана теориялык-усулдук, тоталитардык, дүйнөлүк демографиялып процессти физикалык баяндоо, интерпретациялоо жана перифериялык илимий кызыгууну жаратуу менен анын гипотезалык себептерин мүнөздөөчү демографиялык аймактык жана дүйнөлүк деңгээлдеги маселелерге баа берүү каралган. Ошондой эле калктын табигый кыймылынын жалпы коэффициентине демографиялык баа берүү, дүйнөдөгү өлкөлөрдүн аймактык социалдык-демографиялык классификациясы жана калк саясатындагы өзгөчөлүктөр, миграция жана урбанизация маселелерин анализдөө, дүйнө калкынын келечегине болгон байкоо демографиялык процесстердин моделдештирүү математикалык усулга басым жасалуунун негизинде анализденген демографиялык стабилдүү өнүгүүнү колдоо, адамдын фундаменталдуу укугун камсыздоо, демографиялык процесстердеги социалдык, саясий жана атуулдук укугун жана анын натыйжалуулукту ж.б. багыттагы илимий изилдөөлөр өнүгүү менен, негизинен, демографиялык маселелерди чечүү жол жоболорун изилдөөгө көңүл бурулду [1, 2, 3, 4, 6, 15].

Ар бир этаптагы окумуштуулардын калкты изилдөөлөрү, илимий көз караштары жана анын теориялык негизделиши демографиялык процесстерди ар тараптуу изилдөөлөр менен анын өнүгүшүнө түрткү берди.

Ал эми ата мекендик калк боюнча изилдеген окумуштуулардын аймактагы калкты изилдөөдөгү көз караштары XX кылымдын орто ченинен башталган. Аларга К.О.Оторбаев, А.И.Исаев, В.В.Гречко, Г.С.Гужин, Н.Б.Бакиров, К.А.Алиев, Н.Х.Кумскова, Т.С.Бобушев, К.Атышовдун, Г.В.Кумсков, Л.В.Торгашев, Т.М.Максытов, Ч.С.Сеитбаев, А.Т.Актанова, И.Е.Егембердиев, А.З.Закиров, У.Ж.Эргешбаев, З.М.Кенешбаева, Э.К.Алайчиев ж.б. илимий изилдөөлөрүдө аймактагы калктын санын жана сапатын тактоо, калк жайгашкан аймактарды экономикалык-географиялык райондоштуруу, эмгек ресурстарын пайдалануу маселелери, калктуу пункттардын карта схемасы жана жыштыгын тактоо, калктын жаш жана жыныстык

курамынын пирамидасын тактоо, мамлекеттик демографиялык саясатта эл аралык тажрыйбаны колдонуу, аймактагы калктын тарыхый өнүгүүсүн тактоо ж.б. маселелердин үстүндөгү изилдөөлөргө көңүл бурушкан [15].

Демография илиминин тарыхый өнүгүүсүндөгү хронологиялык анализдин негизинде алардын көз караштары, изилдөө усулдары жана экономикалык географиялык аспектидеги изилдөө өзгөчөлүктөрүнө карай төмөндөгү сүрөттөгү багыттар боюнча анын теориялык негизделишин, негизинен, беш тармакка бөлүп кароого болот.


*Биринчи багыттагы* изилдөөчүлөр демографиянын тарыхый булактарына иликтөө жүргүзүү менен бирге, андагы окумуштуулардын көз караштарын анализдеп, демография илиминин теориялык негизделишине, мыйзамдарына жана пайда болуу этаптарына көңүл бурушкан. Тарыхый этаптарга баа берүү менен демография илиминин структурасынын пайда болуусуна оң таасирин тийгизген.

*Экинчи багыттагы* изилдөөчүлөр калктын динамикасын баяндоо менен, андагы айырмачылыктарга баа беришип жана калкты изилдөө усулдарынын жана методологиясынын түптөлүшүн негиздешкен.

*Үчүнчү багыттагы* экономикалык демографиялык изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде калктагы активдүү эмгек ресурстарын жайгаштыруу, аларды эмгек менен камсыз кылуу жана демографиялык жарылуу мезгилиндеги жумушсуздук маселелерин чагылдыруу жана аны жоюу маселелерин иликтөөгө багытталган.

*Төртүнчү багыттагы* социалдык демографиялык изилдөөлөрдө калктын социалдык деңгээлин иликтөөгө басым жасалып, түрдүү социалдык деңгээлдеги калктын билим жана илим, саламаттыкты сактоо, үй-бүлөнүн камсыз болуусу (жөлөк пулдар ж.б.) жана алардагы маселелери талдоого алынып жана аны жоюунун жол-жоболорун изилдөөгө басым жасалган.

*Бешинчи багыттагы* экологиялык демографиялык изилдөөлөр акыркы дүйнөдөгү калктын сандык жактан кескин көбөйүүсүнүн натыйжасында “Демографиялык жарылуу” маселеси келип чыгуу менен, калктын жаратылыш ресурстарына болгон керектөөсүн күчөшү жана калктын талабын канааттандыруу, калктагы төрөлүү деңгээлине чектөөлөрдү киргизүүнүн негизинде калктын жаратылышка тийгизген антропогендик терс таасирине илимий изилдөө жүргүзүүгө көңүл бурулган. Бул маселелердин негизинде “Калктын керектөөсү чексиз жана жаратылыш ресурстары чектелүү” деген аталыштагы “Демографиялык глобалдашуу” аттуу маселе келип чыкты. Учурда калк маселесин изилдөө бир гана тармактык изилдөөлөрдү талап кылбастан, бир топ биргеликтеги илимий изилдөө жүргүзүүгө негиз боло алат.



*1-сүр. Калкты изилдөөдөгү теориялык негиздеринин изилдөөгү тармактык*

*багыттары.*

Жалпылап айтканда, демография илиминин теориялык негизделиши адам коомунун көптөгөн кылымдардагы тарыхый мезгилдерди өз ичине камтуунун негизинде ар бир этаптагы окумуштуулардын илимий изилдөөлөрү ошол мезгилдеги билим жана илимдин деңгээлине жараша, замандын талабына ылайыктуу жаңы терминдердин, теориялардын жана изилдөө усулдарынын жаралуусуна алып келген.

Бирок бүгүнкү күндө дале болсо дүйнөлүк жана анын аймактарындагы демографиялык илимий изилдөөлөр толук кандуу жана жетиштүү деңгээлде изилдене электигин байкоого болот. Ошондуктан жогоруда келтирилген маселелерди чечүүдө жана алдардын жол жоболорун изилдөөдө дагы эле демографиялык изиздөөлөр менен биргеликтеги башка тармактар менен илимий изилдөөлөргө муктаж.

Адабияттар:

1. Алайчиев Э.К. Кыргызстандын түштүк аймагындагы демографиялык маселелер. - Ош, 2011. 116 б.
2. Атышов К. Мы меняем мир…: Цифры и факты. - Бишкек, 2009. - С. 66-97.
3. Бобушев Т.С., Оторбаев К.О. Экономическая, социальная и политическая география Кыргызстана: Учебник. – Б.: Турар, 2006. - С. 47-69.
4. Борисов В.А. Демография. – М.: Издательский дом NOTA DENE, 1999. - С. 6-8.
5. Губаева С.С. Основные напревления этнических процессов в Ферганской долине в конце XIX – начала XX в. (К проблемам позных этапов этнической истории Средней Азии). /Автореферат. – М., 1992. - 28 с.
6. Закиров А.З. Региональная экономика Кыргызстана: Учебник. – Б., 2012. - 436 с.
7. Медков В.М. Демография: Учебник. – М.: ИНФРА – М., 2003. – 544 с.
8. Медков В.М. Демография. Учебник. 2-е изд. - М.: ИНФРА. - М., 2009. - С. 48-70.
9. Покшишевский В.В. География населения зарубежных стран. Экон. геогр. очерки. - М.: Просвещение, 1971. - 176 с.
10. Покшишевский В.В. Населения и география. Теоретические очерки. - М., Мысль, 1978. - С. 8-21.
11. Социально-экономические проблемы миграции населения Кыргызской Республики (1991-1996 гг.). /Г.В.Кумсков, Н.Х.Кумскова, Л.В.Торгашев и др. - Бишкек: КРСУ, 1997. - С. 2-22.
12. Ферганская долина: этничност, этнические процессы, этнические конфликты. /Отв. ред. С.А.Абашин, В.И.Бушков; Ин-т энологии и антропологии им. Н.Н.Миклухо-Маклая. – М.: Наука, 2004. – 224 с.
13. Экономическая и социальная география в СССР: История и соврем. развитие: Кн. для учителя. /Сост. Т.Е.Губанова – 2-е изд., перераб. – М.: Просвещение, 1987. - С. 129-192.
14. Экономическая география. /В.П.Желтиков, Н.Г.Кузнецов, С.Г.Тяглов. Серия «Учебники и учебные пособия». - Ростов н/Д: Феникс, 2001. – 384 с.
15. https//ru.wiripedia.org/wiki – Материалы из Википедии – свободной энциклопедии.